**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Алиям Максумовна Даулованын кызыкчылыгындагы Мирлан Зарлыкович Мусаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Мирлан Зарлыкович Мусаевдин даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2017-жылдын 31-майы Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Мирлан Зарлыкович Мусаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы 2017-жылдын 25-

апрелиндеги № 24 аныктамасына болгон даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

А.М. Даулованын кызыкчылыгындагы М.З. Мусаевдин даттануусунда баяндалган жүйөлөрүн изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө А.М. Даулованын кызыкчылыгындагы М.З. Мусаевдин өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан келип чыккандай, А.М. Дауловага карата Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 234-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жазык иши козголгон.

Тергөөчү тарабынан иштин жагдайларын ар тараптуу толук жана объективдүү изилдөө үчүн мыйзамда каралган бардык чаралар колдонулган эмес деп, 2017-жылдын 3-мартында М.З. Мусаев кенемтелерди толтуруу үчүн жазык ишин прокурорго кайтарып берүү өтүнүчү менен Чүй областтык сотуна кайрылган. Бирок сот Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн жана 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтү канааттандыруудан баш тарткан.

Арыздануучу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандай ар бир адамга, анын укуктары менен

эркиндиктерине соттук коргоо кепилденет деп белгилейт. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 9-беренесинде, 12-беренесинин 1-бөлүгүндө, 42, 123, 125, 133-беренелеринде, 339-беренесинин 1-бөлүгүндө өтүнүч берүү жана процесстин ар кандай стадиясында соттук актыларына даттануу жолу менен жарандын бузулган укуктарын соттук коргоо укугун жүзөгө ашыруу каралган. Арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдери өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу укугун сотко берүү менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктунда белгиленген соттук коргонуу укугуна эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деген ченемге карама-каршы келет деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу М.З. Мусаев Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну сурайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесин, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасы менен кийинки негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык мыйзам же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайыктуулугу маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти Конституциялык палатада кароого негиз болуп эсептелет. Ошентип, аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда

коюлган маселе боюнча кайрылуучунун көз карашы көрсөтүлүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси болушу керек.

Бирок, арызденуучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсүн белгилегени менен талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугу маселеде күмөндүүлүктү көрсөткөн өзүнүн көз карашынын канааттандыраарлык укуктук негиздемесин келтирген жери жок.

Арызденуучу койгон маселеде күмөндүүлүктүн болбогондугу, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесине ылайык кайрылууда көрсөтүлгөн формасына жана мазмунуна карата талаптарды сактабагындыгы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгү туурасында судьялар коллегиясы аталган ченем жарандар К. Б. Иманалиев жана Ю.А. Богдановалар тарабынан К.У. Айталиевдин кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароосунун предмети болгон. Көрсөтүлгөн кайрылууларды кароонун жыйынтыгы боюнча 2014-жылдын 19-декабрындагы чечимде жыйынтыктоочу акты менен бирге аралыктагы актыларды кайрылуунун субъектилери тарабынан даттануу мүмкүнчүлүгү алардын соттук коргонуу укугун чектебейт, анткени аларга өз укуктарын кийинки соттук инстанцияларда коргоого тоскоол болбойт деп белгиленген. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын акты күчүндө турганын эске алып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун

Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык судьялар коллегиясы бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

М.З. Мусаев 2017-жылдын 25-апрелинде судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 27-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда тергөөчү менен судья Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин бир катар беренелеринин жоболорун бузуусу жөнүндө белгилейт, анын пикири боюнча бул жагдай тараптардын мыйзамдуулук жана тең укуктуулук принциптеринин бузлушуна алып келди дейт.

Маселен, арызданууч тергөөнүн кенемтелерин толуктоо үчүн ишти прокурорго кайтарып берүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылганда сот талашылып жаткан ченемдерди жетекчиликке алып, бул өтүнүчтү канааттандыруудан баш тарткан. Ошентип, арыздануучунун пикири боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 125-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптары бузулган, ага ылайык, эгерде өтүнүч иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөөгө, процесстин катышуучуларынын же башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылууга көмөк көрсөтө турган болсо, ал канааттандырылууга тийиш.

Андан тышкары, М.З. Мусаев талашылып жаткан ченемдер А.М. Дауллованын соттук коргонууга болгон укуктарын чектеген ченемдерди камтыйт деп, ал соттун өтүнүчтү жана соттук актыларына процесстин ар кандай стадияларында даттанууну канааттандыруудан баш тартуусунан көрүнүүдө, бул жагында ал соттук коргонууга болгон Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн

8-пунктуна, ошондой эле ар кимге соттук коргоого кепилдик берилип, Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Ошондой эле, анын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы келүүдө, аларга ылайык мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде кабыл алынат жана адамдын жана жарандын укуктарын жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга, ошондой эле Конституцияда каралгандан башка максаттарда укуктарды чектөөгө тыюу салууну белгилейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, М.З. Мусаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 264-беренесинин 3-бөлүгүнүн «жана соттук териштирүүнү улантууга» деген ченемдик жобосу жана 339-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 2017-жылдын 14-мартындагы өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялардын соттук коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келишти.

М.З. Мусаев өзүнүн даттануусунда, анын пикири боюнча, жазык-процесстик мыйзамдарда тергөөчү жана судья тарабынан кетирилген бузуулар, Конституцияда А.М. Даулованын кепилденген укуктарынын бузулушуна алып келди деп басым жасайт. Ошону менен бирге, «Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык укук колдонуучулук тажрыйбасына байланыштуу суроолорду кароо Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарына кирбейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы укук маселелерин гана белгилейт жана чечет. Демек, кызмат адамдарынын аракеттери талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугу туурасында шектенүүлөрдү туудурган жагдайлар катары бааланышы мүмкүн эмес.

Ошон үчүн, арызденуучунун кайрылуусунда укуктук күмөндүүлүк жок, ал «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык ишти кароого негиз болуп саналат жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-пунктунун талаптарына ылайык кайрылууда көрсөтүлүшү керек.

Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык баш тартуу үчүн негиздердин бири кайрылууда көрсөтүлгөн маселени текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жолгорку сотунун Конституциялык палатасынын күчүндөгү акты болуп саналат.

Ошентип, судьялар коллегиясынын тыянактары негиздүү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2017-жылдын 25-апрелиндеги судьялар коллегиясынын № 24 аныктамасын жокко чыгарууга негиздерди тапкан жок.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «А. М. Даулованын кызыкчылыгындагы М З. Мусаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 25-апрелиндеги № 24 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Мирлан Зарлыкович Мусаевдин даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тарта күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**